DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Жамгырчиева Г.Т.*

# АНГЛИС ТИЛИН ОКУТУУДА QR-КОДДОРДУ ПАЙДАЛАНУУНУН КЭЭ БИР ЫКМАЛАРЫ

*Жамгырчиева Г.Т.*

# НЕКОТОРЫЕ СПОСОБЫ ИСПОЛЬЗОВАНИЯ QR-КОДОВ В ОБУЧЕНИИ АНГЛИЙСКОМУ ЯЗЫКУ

*G. Zhamgyrchieva*

# SOME WAYS OF USING QR-CODES IN ENGLISH LANGUAGE LEARNING

*УДК: 378.147.003.664*

*Макалада англис тилин окутуудагы маалыматтык билим берүү булактарын колдонуу жөнүндө сөз козголот б.а. QR-кодун колдонуу. Интернет булактарынан алынган методикалык иштелмелердин ичинен QR-коду студенттерге англис тилин окутууда кеңири жол ачып берет. QR-код колдонууда салттуу түрдө фонетика, грамматика жана лексика бөлүктөрүнө мисалдар берилди. Мындан мурда колдонулуп келген интернет технологиялары сыяктуу эле QR-коддордун жардамы менен окутулуп жаткан сабактын мазмунун кеңейтсе, кошумча материал сунуштаса, сурамжылоо жүргүзсө, семинар-тренинг өткөрсө, квест-оюндар жана аңгемелешүү ж.б. ушул сыяктуу көп иштерди жасаса боло тургандыгы да белгиленген. Макалада кодду кантип колдонсо боло тургандыгы жөнүндө кээ бир маселелер каралып тийиштүү тиркемелер берилди. Салттуу методика жана маалыматтык билим берүү булактары менен эле катар сунушталган QR-код методу дагы англис тилин үйрөтүүдө окутуучуларга да окуучуларга да өз жардамын бере тургандыгы сунушталды.*

***Негизги сөздөр**: англис тили, окутуу, үйрөтүү, QR-код, интернет булактары, методикалык өнүгүү, окутуу формалары, үйрөтүү ыкмалары.*

*В данной статье представлен опыт применения информационных образовательных ресурсов при обучении английскому языку. Оптимальная модель использования новых технологий в действующей системе образования – это умелое сочетание общения с преподавателем, коммуникаций и цифровых технологий. Предлагаются варианты внедрения QR-кодов в процесс формирования коммуникативной компетенции студентов, а также как эффективного средства повышения интереса к изучению английского языка и ресурс формирования коммуникативных и познавательных универсальных учебных действий. Даны примеры в разделах фонетики, грамматики и лексики при использовании QR-кодов. Как и с предыдущими интернет-технологиями, QR-коды можно использовать для расширения содержания урока, предоставления дополнительного материала, проведения опросов, проведения мастер-классов, квестов и интервью и прочего. В статье обсуждаются некоторые вопросы использования кода и приводятся соответствующие приложения. Помимо традиционных методов и методов применения информационных образовательных ресурсов при обучении английскому языку роль метода QR-кодов занимает не последнее место.*

***Ключевые слова**: обучения, английский язык, интернет ресурсы, QR-коды, формы работы, активные методы обучения, методическая разработка.*

*This article presents the experience of using informational educational resources in teaching English. It also offers options for introducing QR-code in the process of forming the students' communicative competence. It demonstrates the techniques of working with a QR-code for learning to read and speak in English. It discusses the concept of «QR code» and the possibility of using QR technologies in educational process as an effective means of increasing interest in learning English and as a resource for the formation of communicative and cognitive universal learning activities. QR-code method based on using mobile and technology of graphic information coding in particular – matrix (QR) codes. We focus on specifi c examples of using QR-code at any stage of learning English in phonetics, grammar and lexics. In addition to traditional methods and methods of application of information educational resources in the teaching of English, the role of the method of QR-codes is not the last place.*

***Key words**: training, English, active learning methods, QR-code, Internet resources, methodological development, forms of teaching.*

Акыркы мезгилдерде билим берүүнүн актуалдуу жолу болуп жаңы маалымат технологияларын колдонуу эсептелининет. Бүгүнкү күндө мугалимдерге окуу процессин көндүм болгон алгоритмде уюштуруу кыйын болуп бара жатат. Ошондуктан чет тилдерин үйрөтүүдө студенттерге түрткү берүү үчүн мугалим жаңы технологиялык окутууну пайдалана билүүсү шарт.

Окутуучунун башкы милдети болуп ар бир окуучунун активдүүлүгүн, чыгармачылыгын жогорулатуу биринчи орунда тургандыктан, ал ар кандай методдорду тандап колдонот. Ал эми биз алдыда сөз кыла турган QR-кодду пайдалануу ар бир сабакты мазмундуу жана түшүнүктүү болуусуна жардам берет деген ойдобуз.

QR-код (англис тилиндеги Quick Response деген сөздөн алынып «ыкчам реакция», «тез жооп» дегенди билдирет) 1994-жылы Жапондордун Denso-Wave компаниясы тарабынан иштелип чыгып 2000-жылдардан баштап соода иштеринде реклама кылыш үчүн товарлардын оромдорунда, буклеттерде, электрондук оюндарда жана сурап-билүү кызматтарында колдонула баштаган. Кубаттуу мобилдик телефондордун жайылтылышы менен QR-код дүйнө жүзүндө кеңири таралды.

Башкача айтканда QR-код – бул кандайдыр бир маалымат ичине бекитилген төрт бурчтуу сүрөт болуп эсептелет. Ал маалымат кандайдыр бир текст же кандайдыр бир интернет дарек, же бир даректин координаты, же ыр болушу да мүмкүн. Заманбап телефон-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



дун камерасын коддун үстүнө алып барып койгондо коддун ичиндеги маалымат көрүнөт. Интерактивдүү окутуунун эң жаңы каражаттарынын бири болуп QR коддору – А4 форматындагы жарым барагынын көлөмүндөгү тексттик маалыматты сактаган миниатюралык медиамаалымат ташыгычтар. Кара жана ак квадраттардын жардамы менен (көп учурда түстүүлөр да кезигет) бул маалыматтар өзгөчө түрдө коддолот. Ал эми чечмелөө болсо, жөнөкөй сканерлөөчү түзүлүштөрдү колдонуу менен ишке ашырылат.

Бүгүнкү күндө QR-код технологиялары бизде билим берүүдө көп колдонууга ээ боло элек, бирок бул технологиянын мүмкүнчүлүктөрү абдан жогору. QR-коддордун жардамы менен окутулуп жаткан сабактын мазмунун кеңейтсе, кошумча материал сунуштаса, сурамжылоо жүргүзсө, семинар-тренинг өткөрсө, квест-оюндар жана аңгемелешүү ж.б. ушул сыяктуу көп иштерди жасаса болот.

Окуу китеп менен катар эле электрондук гаджеттер теңме-тең пайдаланыла баштады. Мисалы чет тилин үйрөнүү негизги таяныч болгон сөздүк телефондо жүктөлгөндүктөн, улам-улам ачып карап турууга туура келет б.а. баары бир эле гаджет жок сабак өтүлбөй калды. Сабак учурунда студенттер телефон карап алаксып жатышканын көп учуратабыз, ошондуктан гаджетти пайдалуу жагына колдонсок жакшы болчудай.

Эң көп колдонулган маалымат коммуникативдик куралдарына төмөнкүлөр кирет:

- ар түрдүү форматтагы маалыматты: текстте, үндө, графикада, видео форматта, ошондой эле мультимедиялык энциклопедияларда, интернеттеги ресурстарда камсыз кылуучу каражаттары;
- билим берүү же билим берүү-оюн куралдары: ар кандай көндүмдөрдү жана жөндөмдөрдү өнүктүрүүгө багытталган программалар жана тиркемелер;
- дизайн куралдары: маалыматты башкаруу үчүн колдонулуп, ойлорду айтууга жана берүүгө, идеяларды ишке ашырууга мүмкүндүк берет.
- коммуникация куралдары: мугалим менен студенттердин ортосунда убакыт жана мейкиндик боюнча байланышты камсыз кылат. Бул электрондук почта, видео байланыш жана форумдар;
- булутта сактоо куралдары: ар кандай маалыматтарды чогултуу жана сактоо, байланыштык колдоо көрсөтүү, электрондук почта, электрондук жадыбалдарды ж.б.у.с. үчүн колдонулат. Бул инструменттер жеке компьютердин жардамы менен гана эмес, башка техникалык каражаттар менен да ишке ашырылышы мүмкүн: ноутбук, планшет, телефон, смартфондор маалымат коммуникативдик технологияларын колдонуу процессин мобилдүү жана универсалдуу кылат.

Ал эми биз сөз кылып жаткан кодду пайдалануу жана түзүү өтө деле көп эмгекти талап кылбайт жана азырынча аны акысыз эле ар бир каалоочу өзү түзүп алып пайдаланса болот.

QR- кодунун жайылтылган форматтары:

**Байланыш маалыматтары**, өздүк маалыматты QR-коддо сканирлөө жана телефондо же компьютерде сактап койуу;

**SMS билдирүү**, акцияга катышуу үчүн текст жазып отурбастан QR-кодун окуй турган программаны жүктөп, телефондон даяр билдирүүнү көрүү

**Интернет-дарек**, рекламалык кулактандырууларда коддун жардамы менен көптөгөн белгилерди киргизбестен эле керектүү маалыматтарды көрүү

**Электрондук почта, телефон номер**, кол менен баспай эле керектүү даректи берүү жана алуу

**Геомаалымат**, керектүү объектин кайсы жерде экендигин аныктоо (карта Google, 2ГИС)

**Текст**, ар кандай максаттарда колдонулат мисалы кирүү билеттеринде жана кыска ыр саптарын, тексттерди сактоо.

Бир ушундай төрт бурчтуктун ичине 2953 байт маалымат же болбосо 7089 сан же 4296 тамга (А 4 форматындагы 1-2 бет текст), 1817 иероглиф батат.

QR-кодду түзүү жана илгерилетүү үчүн көптөгөн сервистер жана программалар бар. Ал үчүн QR-коддун генератор-программасын орнотуу керек. Коддорду графикалык сүрөт түрүндө, басып чыгаруу, басылып чыга турган документтин ичине түздөн-түз киргизип койуу, электрондук почтадан жиберүү жана интернет тармактарында жарыялоо жолдору менен сактаса болот.

QR кодун окуу үчүн, учурда дээрлик ар бир телефон моделинде көптөгөн атайын программалар бар (QR Reader, QR Scanner, NeoReader, iMatrix, BeeTag, QR Droid) жана жөн гана QR код сканер программасын орнотуу керек. Учурда QR кодун бир нече чыкылдатуу менен түзүүгө мүмкүндүк берген көптөгөн атайын кызматтар бар, аларды компьютерге сактап, кийин каалаган жерде колдонсо болот. Мисалы, http://www.qrcoder.ru QR кодун түзүү боюнча орус тилдүү он-лайн кызматы каалаган текстти, веб-сайтка шилтемени, визиттик картаны, SMS билдирүүнү бир

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



сүрөттөн же видеодон QR кодун түзүү үчүн ар түрдүү онлайн кызматтар эң ылайыктуу б.а. бир нече чыкылдатуу менен коддоого мүмкүндүк берет. QR кодунун эки түрү бар: динамикалык жана статикалык. Статикалык коддор маалыматты түздөн-түз текст түрүндө сактайт, же экинчи шилтемелер аркылуу багыттоосуз веб-баракчага алып барат жана маалыматты же шилтемени өзгөртүүгө, түзөтүүгө болбойт дегенди билдирет. Статикалык коддор өзгөрүүсүз кала турган маалыматтар үчүн идеалдуу: мисалы: мамлекеттик ресурска шилтеме.

Динамикалык код – «тирүү код» деп да аталат, анткени кодду түзгөндөн кийин ичиндеги маалыматты өзгөртсө болот. Сканирлөөдөн кийин динамикалык код сизди серверге багыттайт, ал базасында сакталган материалдардын негизинде маалыматтык бетке багыттайт. Динамикалык коддор ыңгайлуу, анткени алар бир жолу түзүлүп, колдонулат, мында сиз сканерден өткөндө көрсөтүлүүчү маалыматты да, маалымат көрсөтүлгөн шилтемени да (домен, барак) өзгөртө аласыз. Динамикалык коддор кайсы маалыматты көрсөтүү же кайсы веб-шилтемеге багыттоо керектиги жөнүндө материалдарды сактаган адистештирилген веб-серверлердин шилтемелеринен турат. Бул сиз динамикалык кодду көзөмөлдөй аласыз (статистикалык маалыматты чогулта аласыз) жана көздөгөн веб-шилтеме коддун структурасына кийлигишпестен өзгөртүлүшү же редакцияланышы мүмкүн экенин билдирет. Бул динамикалык коддорду универсалдуу кылат, анткени мурда басылган материалдарды кайра терүүнүн кереги жок. Болгону көздөгөн шилтемени өзгөртүү керек, статикалык коддор менен бул параметр иштебейт. Ошондуктан билим берүүдө динамикалык коддор пайдаланылат.

Салттуу методиканын негизинде фонетика, грамматика жана лексика бөлүктөрү боюнча QR-код менен иштөөдөгү кээ бир иштелмелерден мисал келтирели:

**Фонетика**. Тил үйрөтүүнү жаңы баштаганда тамгаларды окууда кадимки эле көнүгүүлөрдү QR-код жардамы менен берсе болот.

*Таблица 1*

| **Сөз** | **Транскрипция** | **Сөз** | **Транскрипция** |
|---|---|---|---|
| skate | [sk..t] | sad | [s..d] |
| pan | [p..n] | have | [h..v] |
| snake | [sn..k] | van | [v..n] |
| Jane | [dʒ..n] | fan | [f..n] |
| Jake | [dʒ..k] | plane | [pl..n] |
| bat | [b..t] | Ann | [..n] |
| tape | [t..p] | Айтылышы, сүрөт, видео, сүйлөмдөр | |
| Жоопту текшергиле | Оюн | | |
| код | код | код | |

**Грамматика.** Бул жерде QR-коддо шифрленген англис тилинин грамматикасы боюнча тапшырмаларды аткаруу б.а. кашааларды ачуу жана англис этишин туура чак формасына айландыруу болуп саналат. Ар бир студентке QR коддору менен шифрленген сунуштар берилет. Шифрленген сүйлөмдөрдү сканерлеп, алар сүйлөмдөрдү көрүп, тапшырмаларды аткарып, жооп баракчасына жазып алышат.

**Лексика.** http://www.qrcodegenerator.ru/ - youtubдагы жүктөлгөн видеолорду чечмелегенге мүмкүнчүлүк берет. Биз колдонгон English File окуу китебинде Лондондун заманбап кооз жери London Eye жөнүндө текст бар. Ушул теманы өздөштүрүп жатканда студенттерге Улуу Британиянын борбор шаарынын башка кооз жерлери жөнүндө проект даярдоого тапшырма берилет, бирок демейдеги жөнөкөй ссылка код менен ачылат.

**QR-кроссворд.** Кадимки берилип жүргөн кроссворд тапшырмаларынын жооптору QR-код менен чечмеленет. Ар бир жуп студентке 10-15 код жана жоопторду бекитүүчү барак берилип, тапшырманы аткаруу мөөнөтү чектүү болот. Муну жаңы өтүлгөн материалды бышыктоого сунуштайбыз. Мындан тышкары студенттердин окуу материалын өздөштүрүүсүн текшерүү үчүн тапшырмалардын ар кандай варианттары бар карточкалар түрүндө даярдалган контролдук жана тесттик суроо-жооптор да QR-код берилсе болот баракчада. Мындай коддор интернетти талап кылбайт.Алардын арасында билим берүүнү жекелештирүү, окуу-тарбия иштерин активдештирүү, окуучулардын өз алдынча иштерин уюштуруу жана таанып-билүү активдүүлүгүн жогорулатуу мүмкүнчүлүгү бар.

QR-код колдонуу англис тилин үйрөтүү процессинде төмөндөгүдөй мүмкүнчүлүктөрдү берет:

– кошумча мотивдер менен атаандаштык, таанып-билүүчүлүк ж.б.жардамы менен окуучунун тилди үйрөнүүгө умтулуусу;

– билим берүү процессине кошумча (электрондук) ресурстарын киргизүү;

– окутууда студенттердин окуу ишмердүүлүгүн активдештирүүчү окуу-издөө жана когнитивдик милдеттердин жаңы түрлөрүн колдонуу;

– окуу материалы боюнча ишке студенттерди кызыктырган жаңы уюштуруу формасын берүү.

Сунушталган ыкма чет тилин үйрөнүү чөйрөсүн кеңейтип, аны компьютердик тиркемелердин жана ал тургай компьютердик түйүндөрдүн чегинен чыгарат. Бул технологияларды колдонуу боюнча биздин тажрыйбабыз алардын ишке ашуусу жана заманбап билим берүү практикасында натыйжалуулугун көрсөтөт деп ойлойбуз. Ошол эле учурда англис тилин окутуу сабактардын системасына гана кирбестен, өз алдынча жана оюн иш-аракеттери түрүндө ишке ашырылат, бул чет тилин ийгиликтүү өздөштүрүү үчүн абдан

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



маанилүү. Учурдагы билим берүү системасында жаңы технологияларды колдонуунун оптималдуу модели мугалим менен баарлашууну, коммуникацияларды жана санариптик технологияларды чебер айкалыштыруу болуп саналат. Бул эч кандай мугалимди көз жаздымда калтыруу же алмаштыруу эмес. Максаты – студенттердин өз билимдерин калыптандыруу үчүн болгон технологияларды эффективдүү колдоно ала турган шарттарды түзүү. Негизинен чет тилин окутуу процессинде QR-код электрондук сөздүккө, мультимедиялык булакка ссылка үчүн ыкчам колдонмо катары колдонулат. Мисалы, сабактын темасы боюнча презентация, аудио жана видео файл.

Албетте, баа бере келсек, QR-коддор технологиядагы мини-этап болуп саналат жана бир нече убакыт өткөндөн кийин алар дискеттердей болуп эле колдонулбай калышы турган иш, анткени заманбап технологиялары өтө тездик менен жаңыланып өзгөрүп жатканына уламдан-улам күбө болуп келе жатабыз. Бирок басып чыгаруунун же сайттын бурчундагы бул кичинекей үлгү убакытты жана кагазды үнөмдөйт, узун шилтемелерди кайра терүүдөн арылууга же жок дегенде анын тартибин диверсификациялоого мүмкүндүк берет.

QR коддорунун мүмкүнчүлүктөрү чексиз! Жыйынтыктап айтканда, QR коду кандайдыр бир «тренд» эмес, бирок кеңири колдонулуп келе жатканын белгилей кетүү керек. Бул жөнөкөй жана колдонууга оңой, ал эми колдонуу ыкмаларынын саны чексиз, бардыгы мугалимдин да, окуучунун да фантазиясынан көз каранды, болгону бир аз чыгармачылык жана жаңы нерсени үйрөнүү каалоосу керек. QR коддору студенттердин көңүлүн буруп, сабакты интерактивдүү кылуунун кызыктуу жолу болот деп ойлойбуз. QR технологияларын колдонуу жаңычылдыкты, сырды жана күтүлбөгөндүктү камтыйт, бул мугалимдерди да, студенттерди да өзүнө тартат. Тил үйрөнүүдө QR коддору процесстин техникалык жактан эмес, үйрөнүү психологиясынын көз карашынан караганда пайдалуураак болуп чыкты. QR коддору аркылуу суроолорду окуу көбүрөөк түрткү болот, көңүлүңүздү топтоп, материалды эстеп калууга жардам берет. Бул жаңылык канчага чейин созулат деп айтуу кыйын, анткени заманбап технологиялары уламдан-улам жаңыланып турат, бирок QR коддору студенттердин көбү үчүн адаттан тыш нерсе бойдон кала берсе, биз бул мүмкүнчүлүктөн пайдаланышыбыз керек.

**Адабияттар:**


1. Генератор QR, Что такое QR-код [Электронный ресурс]. URL: https://vkqr.ru/
2. QR-код [Электронный ресурс] // Википедия – свободная энциклопедия. URL: https://ru.wikipedia.org/wiki-кодов [Электронный ресурс]. URL: http://www.qrcoder.ru/
3. Ганчар Н.П. методическая разработка по обучению чтению на английском языке на основе QR-кода. г. Гродно.
4. Использование новых информационных технологий в преподавании английского языка в средней школе... [Электронный ресурс]. - Режим доступа http://portal.krsnet.ru/razdels/uchitelia/rmo/.
5. Жамгырчиева Г.Т. Некоторые проблемы обучения английскому языку методом онлайн-обучения студентов. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2021. №. 1. С. 262-265.